Омурзакова К.К.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА «МАНАС» ЭПОСУН ОКУТУУ

«Манас» эпосу - элибиздин миңде-ген жылдар бою оозеки айтылып келе жаткан улуу мурасы. Залкар манасчы С.Орозбаков «Манас» эпосун жаздырып жатып Ы.Абдрахмановго: «Азыркы-бызга кейибейли, кийинки укум-тукумубуз үчүн кейийли. “Жүр, нарыга” салбай жакшылап жазалы. Азыркылар билбесе, кийинки калыс өспүрүмдөр билер. Бизге рахмат айтышар», - деген экен. Манасчы С.Орозбаков кыргыз журтунун кылым аркалаган асыл нарк-насилин ичине камтыган «Манас» дастанынын болочок ээлери - жаш муундардын - руханий тарбиясы үчүн ат көтөргүс зор мааниси бар экендигин ошо кезде эле көрөгөчтүк менен баамдаган. Баса белгилей кетсек болот, анда 1920-жылдардын башы эле.

Балдарга арналган оозеки чыгармачылыктын максаты жана милдети болуп, баарыдан мурда, балдарды кичинесинен эле рухий дүйнөнүн кучагына алып, аларды ар тараптан сезимтал, сергек өстүрүүгө кам көрүп, тарбиялаганында жана алардын жан дүйнөсүнө нукура элдик адеп-ахлак, эстетикалык түшүнүктү сиңдиргенинде. Демек, жаш муундардын туюнуу, кабылдоо сезимине жалпы элдик сапатты, тилекти байыр алдырганы, аларды асыл идеалдарга тарбиялап келгендиги боюнча элдик оозеки чыгармачылык нагыз элдик педагогика болуп эсептелет. Мына ошол себептүү балдарга арналган оозеки чыгармаларда педагогикадай эле алардын жаш өзгөчөлүктөрү эске алынып таалим-тарбия берүүнүн максат, талаптары логикалык ырааттуу жана көркөм динамикалуу келет. Б.а., турмуштук татаал карым-катнашты, мыйзам-ченемдерди, мамилелерди балдар оңой түшүнгүдөй жана өз алдынча жалпылоого үйрөнгүдөй, ойлоо жөндөмдүүлүгүн арттыргыдай кылып оозеки чыгармачылык көркөм ойдун, акылдын системасын иштеп чыгат. Балдарга арналган элдик оозеки чыгармачылык кыргыз жазма адабияты, анын ичинен балдар адабияты түптөлгөндөн бери өз алдынча классификацияга бөлүнүп келет. Ансыз балдар фольклорунун жанрдык тегин жана ич ара тармактанып кеткен түрлөрүн өздөштүрүү мүмкүн эмес.

Жомокторду адабиятчы окумуштуулар төмөнкүдөй бөлүшөт: уламыш, болумуш, тамсил, жөө жомок, дастан (эпос). Дастан (эпос) улуу жана кенже эпостор болуп бөлүнөрүн жакшы билебиз.

Ал эми кенже эпостор өз ичинен шарттуу түрдө: а) баатырдык; б) турмуштук; в) тарыхый болуп бөлүнөт да, балдар фольклору дайыма жалпы элдик оозеки чыгармачылыктын бардык жанрлары боюнча байып турат.

Башталгыч класстарда «Манас» эпосунун үзүндүлөрү 1-класстан 4-класска чейин окутулат. «Бабалардан калган сөз» бөлүмүнүн эмне үчүн ушинтип аталып калгандыгын жана элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнөн абдан кызыктуу жомоктор (дастандар), кенже мектеп курагындагы окурмандарды таң калтырган каармандары, андан да кызыгы - ошондой чыгармаларды ким чыгаргандыгынын бизге белгисиз болгондугунда. Албетте, кыргыз элибиздин абдан таланттуу, сөзгө чебер эл болгондугу, бизге ооздон оозго өткөн баалуу мурас катары келгени маалым. «Манас» үчилтигинин 1-класста Алиппе окуу

китебинин Бабалардын жомогу бөлүмүнөн «Манас» баатырдын төрөлүшү», «Тайторунун чуркашы», «Кошой дөө менен Жолой дөөнүн күрөшү» деген үзүндүлөрү өтүлөт. Аталган үзүндүлөрдүн башталгыч класстарда окутулушу окуучулардын аң-сезимине абдан таасирин тийгизери, алардын дастан жөнүндө, аны айтуучулар, жомокчулар, тактап айтканда, манасчылар жөнүндө алгачкы маалымат алышы кенже курактагы балдардын жомок дүйнөсүнө саякатташына, китеп окууга болгон кызыгуусун арттырарына күмөн жок. Негизги каармандар Манас, Тайтору (баатырдын тулпары) жана Жолой дөө, Кошой дөөлөр жөнүндө алгачкы маалымат алышы, алардын эс тутумунда ташка тамга баскандай сакталып калышына көмөк түзүү мугалимдин чыгармачылына байланыштуу болот. «Манас» эпосунан үзүндүнү манасчылардын айтуусунда угузуу, дастандын каармандары боюнча атайын альбомдорду, тасмаларды колдонуу кенже мектеп жаш курагындагы окуучулардын сабакты кабылдоосуна, түшүнүүсүнө өбөлгө түзөт. Тексттин аягында берилген «Аталардын сөзү» менен тааныштырып, маанисин чечмелеп түшүндүрүү сөз байлыгын өстүрүп, китеп окууга болгон кызыгуусун аратат. Үйдөн баатырдын сүрөтүн тартып келүүгө тапшырма берүү окуучулардын жан дүйнөсүндө төңкөрүш жасайт. Анткени окуучулар сүрөттү тартаардан мурда Манас баатырдын портретин көз алдына элестетип, кыялданып отуруп тартышат. Балдар көз алдына элестетүү, тартылтуу ыкмасы менен аракеттенип (репродуктивдүү метод), чыгармачылык менен тартышат. Андан соң тартып келген сүрөттөн баяндап айтууга мүмкүнчүлүк берүү, алардын окууга дилгирлигин арттырып, үй тапшырмасын аткарууга болгон жоопкерчилигин жогорулатат.

«Бабалардан калган сөз» бөлүмүнө 2-класста 12 саат бөлүнгөн. Адабий окуу китебинде башталгыч класстардын окуу программасына ылайык тексттер (жомоктор, аңгемелер), ырлар, тамсилдер, калптар, табышмактар, макалдар ж.б. орун алган. Окуу сабагы жумасына 3 сааттан, жыл бою 103 саат өтүлөт. Анда эмесе, окуучулар окуу жылы ичинде кандай көндүмдөргө ээ болушат жана кандай жөндөмдүүлүктөргө машыгат, көнүктүрүлөт, карап көрөлү.

Окуу жылынын аягында окуучулар ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөр:

Биринчиден, тааныш эмес текстти туура, сезимдүү түрдө тездеп окуп, бир минутада 45-50 сөздөн кем эмес окууга жетишүү жана окууда сүйлөмдүн аягына, ортосуна коюлган тыныш белгилерине ылайык интонацияны, тынымды сактай билүүгө көнүгүү. Ошондой эле мугалимдин жардамы менен текстти тиешелүү бөлүктөргө бөлүп, андагы негизги ойду аныктоого үйрөнүү. Тексттеги сөз айкаштарынын, сүйлөмдөрдүн маанилерин туура салыштыра билип, жаратылышты, каармандарды сүрөттөгөн сөздөрдү туура кабыл алып, тексттин мазмунун бузбастан баяндоо көндүмүнө ээ болуу.

Каармандардын жасаган иштери, кулк-мүнөзүнө жана окуяларга тиешелүү деңгээлде баа берүү жана аңгеме, жомок, макал-лакаптарды жанрдык жактан айырмалоо. Иллюстрациялардын маанисин түшүнө алуу, аларды тексттин мазмуну менен салыштыра билүү жана башынан өткөргөн окуяларды оозеки түрдө ырааттуу баяндап берүүгө машыгуу. Чакан, мазмуну жөнөкөй тексттерди

пайдаланып, баяндама, жөнөкөй темалардын негизинде дилбаян жазууга көнүгүү [4, 16-б.].

С.Рысбаев «Манас» эпосунан үзүндүнүн негизинде жазылган башталгыч класстын балдарына арналган "Кошой дөө менен Жолой дөө" пьесасын окутууга 1 саат каралган. Пьеса көлөмдүү болгондуктан, 1 саат жетишсиз болот. Кошой дөө менен Жолой дөөнүн образдарын салыштыруу, алар сүрөттөлгөн жерлерди китептен таап окутуу сабактын сапатын жогорулатат. Анткени окуучулардын текстти эсине тутуп, түшүнгөнүнөн кабар берет. Сценканы өтүүдө ролдоштуруп окутуу ыкмасы сунушталат. Бул жерде «Манас» эпосунун негизинде коюлган спектаклдерден тартылган фотосүрөт-төрдү, картиналарды пайдалануубуз балдардын кызыгуусун жаратып, үзүндүнү окууга ынтызар кылат.

Ошондой эле сабакты сахналаштырып өтүү, башкача айтканда, сабак–сахна формасында өтүү окуучуларды эпостогу каармандардын образын аткаруу менен аларды улуттун баалуулуктарын, нарк–насилин, тарыхын өздөштүрүүсүнө, билимин өркүндөшүнө, эсине тутуу көндүмдөрүнүн калыптанышына таасирин тийгизет [171-176-бб.].

3-класста "Манастын төрөлүшү" (1саат), "Манастын бала кези" (2 саат), "Жолойдун жеңилиши" (2 саат) өтүлөт. Аталган класста "Манас" эпосунун К.Маликов тарабынан иштелип чыккан кара сөз түрүндөгү кыскача варианты менен таанышышат. Манас баатырга кластер түзүү сунушталса, Жолойдун жеңилишин окутууда Манас менен Жолойдун сапаттарын алардын окшоштуктарын, айырмачылыктарын Венндин диаграммасына жазышат. Мында окуучулар 1) өз алдынча, 2) түгөйлөрү менен талкуулашат, 3) бирин-бири толуктайт, 4) доскага жазылат, 5) жалпы класс менен талкуулап, диаграмманы толукташат. Макалдардын маанисин чечмелешет. Мисалга алсак, "Эр жигит – эл четинде, жоо бетинде", "Эр энеден туулат" ж.б. Үйдөн эр жүрөктүүлүк тууралуу макалдарды таап, маанисин чечмелеп келүүгө тпшырма берилет.

Ал эми 4-класста "Манастын уулу Семетей" жана "Семетейдин уулу Сейтек" Кубанычбек Маликов иштеп чыккан кара сөз түрүндөгү варианты окутулат. Айта кетчү нерсе, 2012-жылы К.Ибрахимова, Б.А.Абдухамидова, С.К.Рысбаевдер тарабынан иштелип чыккан "Адабий окуу предметин окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмодо" "Бабалар баяны" деп башталып, анда Кошой бабабыздын Манаска жардам бериши, Манастын өлүмү, Семетейдин Таласка көчүп келиши жөнүндө сөз болсо, "Адабий окуу китебинде" "Манастын уулу Семетей" жана "Семетейдин уулу Сейтек" жөнүндө баяндалат. Семетей таятасынын колунда чоңоюп, анын өз атасы Манас, жери Талас экендиги жөнүндө Сарытаздан угат. Ошентип, Семетей Таласка көчүп келет, Сарытаз "Сары аба" атка конуп, Семетейдин эң кадырлаган аксакалы болуп калат. Андан кийин Каныкейдин Тайторуну чоң байгеге кошушу, Семетейдин эки гана чоро (Күлчоро, Канчоро) күтүп, Күлчоро менен Семетей Коңурбайды колго түшүрүп, аскерин талкалаганы баяндалат.

«Манас» эпосу кылымдар бою кыргыз элинин башынан өткөн социалдык тарыхый тагдырын, душ-мандарга көз карандылыктан куткаруу үчүн

жүргүзгөн баатырдык күрөшүн, патриархалдык уруу курулушунун тушундагы таптык, уруучулдук карама- каршылыктарын сүрөттөйт.

«Манас» эпосу - баатырдык эпос. Манас баатырдын эли-жеринин эркиндигин, биримдигин жана элдердин достугун баяндаган эпикалык дастан. Эпостун башкы каармандары: Манас баатыр, атасы хан Жакып, энеси Чыйырды, кеңешчиси Бакай, чоролору Чубак, Сыргак, Алмамбет, аялы Каныкей, баласы Семетей, минген аты Аккула. Башталгыч класстын окуучуларына Манас баатыр үчүн эмне ыйык, эмне баалуу экендигин түшүндүрүүбүз керек.

Манас үчүн, биринчиден, Ата журт, анын боштондугу, эркиндиги, көз карандысыздыгы ыйык. Эне тили ыйык. Чындыкка, актыкка негизделген достук ыйык. Мекен алдындагы парз, атуулдук ар-намыс ыйык. Ата - эне ыйык. Улууну урматтаган, аялзатын урматтаган элдик эреже, меймандостук нарк ыйык. Ак мөңгүдөй таза абийир, адеп-ыйман ыйык. «Манас» эпосу мына ушундай ыйык дөөлөттөрдү, бийик идеяларды, патриоттук-ыймандык нарктарды илгертен өзөгүндө сары майдай сактап, көк асабадай желбиретип көтөрүп, укумдан-тукумга үгүттөп өткөзүп келген. «Манастын» ушул ыйык кенчтери кыргыз элинин рухий турмушунун өзөгүн түзгөн, калк тиричилигинин пайдубалында жаткан. Дал ушундай жамааттын ыйык көрүп, туу туткан табериктери, эпостун ички руханий өзөгүн тепчип өткөн, аны ичтен сынап, чыйралтып турган уңгулуу, түптүү, нарктары, бекем карманган принциптери, пир туткан идея-уюткулары бар болгондугу үчүн, кыргыз эли эзелтен бери карай тарыхтын бороон-бурганактарында адашпай, өзүнчө эл болуп жашап келген.

Элдик оозеки чыгармаларды окутууда мугалим чыгармачылык изденүүсүнө, чеберчилигине жана тажрыйбасына ылайык окутуунун интерактивдүү методдорун традициялык методдор менен айкалыштырып колдонсо, сабактын эффективдүү болоруна ынандык. Анткени традиция-лык методдордун артыкчылыктары, көп жылдык тажрыйбасы бар экенин тануу, ал методдорду жокко чыгаруу мүмкүн эмес.

Адабий окуу сабагынын балдарды адабият дүйнөсүнө сүңгүп кирүүсүнө, жанрдык өзгөчөлүгүнө карай чыгармаларды айырмалап билүүсүнө, окуунун түрлөрүнө машыгуусуна, өздөштүрүүсүнө, таанып билүүсүнө, көз карашынын, сөз байлыгынын өсүүсүнө, инсандык сапаттарынын калыпта-нуусуна таасири абдан чоң экендигине ишти иликтөө жүргүзүүдө дагы бир жолу ынандык. Сабак аркылуу (адабий окуу сабагы) баланын мамилесине, кулк мүнөзүнө аяр таасир этүү аркылуу мыкты сапаттарын иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү түзүлөрүнө көзүбүз жетти.

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. «Манас», 1-китеп. −Ф., 1978.
2. Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары. -Ф.: Илим, 1981.
3. Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун историзми. -Ф.:Илим, 1987.
4. Жайнакова А. «Семетей» эпосунун тарыхый генеалогиялык негиздери. -Ф.: Илим, 1982.

5. Кырбашев К. «Манас» эпосунун стили. -Ф.:Илим, 1983.
6. Мамытбеков З. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. -Ф.:Кыргызстан, 1966.
7. Сарыпбеков Р. «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы. -Ф.:Илим, 1987.
8. Сооронов О. «Манас» трилогиясын-дагы эпикалык окуялардын сүрөттөлүш өзгөчөлүктөрү. -Ф.:Илим, 1981.
9. Байгазиев С. Улуу «Манас» - улуту-буздун дил жана тил бешиги. -Б., 1995.